**Тема: Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө**

Бириккен Улуттар Уюмунун эсеби боюнча азык-түлүктүн 3/1и ысырап болууда. Ушул эле уюмдун болжолдуу маалыматына таянсак, ысырап болгон азык-түлүккө кеткен чыгымдар (өстүрүү, жеткирүү, кызмат көрсөтүү ж.б.) өзүнчө ысырап болуп, ашыкча түйшүк жаратууда.

Бул көйгөй биздин коомдо да актуалдуулугун жоготпой, кыргыз коомчулугунда ар кандай үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана башка иш-чараларды өткөрүүдө текебердик, өзүн эл алдында көрсөтүүгө умтулуу, башка адамдардын социалдык абалын теңсинбөө, ашыкча ысырапкерчилик, элдин каада-салттарын жана үрп-адаттарын сактабоо сыяктуу терс көрүнүштөр жана жаман адаттар менен коштолууда. Бул жагымсыз иш-аракеттер коомду социалдык жана экономикалык жактан экиге бөлүп, жакыр катмарды психологиялык кемсинүүгө түртүп жатат.

КР Президентинин 2022-жылдын 24-февралында кабыл алынган ***“Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар”*** жөнүндө Жарлыгын негиз алып, элдин пикирин билип, коомдун жалпы маанайын байкап көрүүнү максат койдук. Жарлыктын калк арасында кабыл алынуусун жана таасирин билүү үчүн өлкөбүздүн Бишкек (24-31.10.2023-жыл) жана Ош шаарында (6-13.12.2023-жыл) сурамжылоо жүргүзүлүп, респондентке ***“Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар”*** жөнүндөгү Жарлыкка тиешелүү суроолор узатылды. Сурамжылоого жалпысынан -775 жаран катышып, Бишкек шаарында - 390, Ош шаарында - 385 тургун суралды. Респонденттер 18 жаштан жогоркулар болду. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгүн 45 жашка чейин эркектер, 45 жаштан жогоркуларын аялдар түзүп, 25 жаштан 50 жашка чейинкилерде жогорку билимдүүлөр көп катталды. Катышуучулардын 73,5%ы кыргыз, 19%ы өзбек, 4,4%ы орус, ал эми 3%ын башка улуттар түзгөн. Булардын ичинен үй-бүлөлүүлөр - 68,4%, бойдоктор - 23,5% ал эми ажырашкандар - 3,4% болду. Респонденттердин 95%ын мусулмандар, ал эми 3,8%ын христиан өкүлдөрү толуктады.

| РЕСПОНДЕНТТЕР | | |
|---|---|---|
| | **Бишкек** | **390** |
| | **Ош** | **385** |
| | **жалпы** | **775** |
| | | **%** |
| ЖЫНЫСЫНА КАРАП | аял | 50,3 |
| | эркек | 49,7 |
| ЖАШЫНА КАРАП | 18-24 жаш | 16,9 |
| | 25-34 жаш | 24,4 |
| | 35-44 жаш | 21,5 |
| | 45-54 жаш | 15,6 |
| | 55 жаштан жогору | 21,5 |
| БИЛИМИНЕ КАРАП | ортодон төмөн | 2,3 |
| | орто билим | 39,4 |
| | атайын орто | 13,2 |
| | толук эмес жогорку | 7,7 |
| | жогорку | 37,0 |
| | илимий даража | ,4 |
| УЛУТУНА КАРАП | кыргыз | 73,5 |
| | өзбек | 19,1 |
| | орус | 4,4 |
| | башка улуттар | 3,0 |
| ҮЙ-БҮЛӨЛҮК АБАЛЫНА КАРАП | үй-бүлөлүүлөр | 68,4 |
| | бойдоктор | 23,5 |
| | ажырашкандар | 3,4 |
| | жесирлер | 4,8 |
| ТУТУНГАН ДИНИНЕ КАРАП | ислам | 95,0 |
| | христиандар | 3,8 |
| | жооп берүү оор | 1,1 |

Жогорудагы *Жарлыкка* тикелей байланышкан төмөндөгү **беш** суроо узатылды;

1. **Жеке сиз КР Президентинин бул маселе боюнча саясатын колдойсузбу?**




**Жалпы көрсөткүч;** Респонденттердин 78,5%ы Жарлыкты колдоп, 10,1%ы жарым жартылай, ал эми 4,6%ы каршы болуп, 6,3%ы жооп берүүдөн кыйналган.

***Жынысына карап*****;** Эркектер менен аялдардын көрсөткүчү негизинен бирдей эле катталды. Өзгөчө аялдардын Жарлыкты колдоосу жана ысырапкорчулук боюнча маалыматы көбүрөөк экендиги байкалган. Колдобогондордун көпчүлүгү (6,8%) эркектер болгон.

***Жашына карап****;* Колдогондордун басымдуусу 25 тен 45 жашка чейинкилер (85,2%) түзсө, колдобогондордун көпчүлүгүн 55 жаштан жогоркулар болгон. Ал эми 25 жашка чейинкилер добуш берүүдөн кыйналган.

Бул жерде белгилүү болгондой ысырапкорчулук менен күрөшүүдө орто муундун активдүүлүгүн, ал эми улуу муундун кайдыгерлигин же каалоосунун аздыгын байкоого болот. Мунун себеби, албетте улуу муундун салттуу нормалардын (куру намыс, эл эмне дейт?) таасиринде калып, андан арыла албай жаткандыгында.

***Билимине карап****;* Ысырапкорчулукка болгон саясатты, орто жана жогорку билимдүүлөрдүн көпчүлүгү колдоп, “колдобогондор” менен “жооп берүүдөн кыйналгандардын” көпчүлүгүнүн орто билими жок болгон.

***Улутуна карап;*** Кыргыз улутундагылардын 76% колдосо, 6%га жакыны каршы чыгышты. Өзбек улутунун 95% колдосо, колдобогон жана жооп бере албагандардын көпчүлүгүн орус улуту түздү.

Өзбек улутундагылар  жашоо нормасын эчендеген жылдар мурун эле диний нормалар менен жуурулуштуруп жашагандыктан, ысырапкорчулук маселесин бир кыйла сарамжалдуу нукка салып алышкан. Ал эми, орус улуту үчүн "ысырапкорчулук маселеси" анчейин эле актуалдуу болбогондуктан, маалыматы аз экени белгилүү болду.

***Үй-бүлөлүк абалына карап;*** Үй-бүлөлүүлөрдүн көпчүлүгү колдоп, ажырашкандар колдобогондордун көпчүлүгүн түзгөн. Жесир аялдардын көбү жооп берүүдөн кыйналган.

***Тутунган динине карап;*** Колдогондордун көбү мусулман болсо, колдобогондордун көпчүлүгүн христиандар түздү.

Мусулман коомчулугу, ысырапкорчулукту диний нормалар жана милдеттенмелерден улам жектеп, маселени колдоп жатканы талашсыз.

***Эмне менен алектенүүсүнө карап;*** Жарлыкты колдогондордун көпчүлүгүн жеке ишкерлик менен алектенгендер (88,9%) түзөт. Колдобогондордун көпчүлүгү пенсионерлер менен майыптар (7,8%) болду.

Капиталисттик коомдо жашап жатканда, ишкерлердин убактысы жана акчасы "ысырапкорчулукка" коротулбайт. Ишкерлик менен алектенген катмардын табияты, "ысырап" үчүн убактысын жана байлыгын чачуу өзү ысырап болуп эсептелет. Азыр өлкөбүздө соода жана жеке ишкерлик менен алектенгендер көпчулүктү түзүп калды. Мына ошондуктан ишкерлер 88,9% бул Жарлыкты колдоого алууда.

Ал эми, пенсионерлер менен майыптар - өлкөбүздөгү эң убактысы мол катмар. Булардын "ысырапкорчулукка" материалдык да, моралдык да байланышы аз. Ошондуктан Жарлыкка каршы келүүсү таң калаарлык эмес.

2. **Эмне үчүн мындай деп ойлойсуз, түшүндүрүп берсеңиз?**

Калктын басымдуу бөлүгү;

| |
|---|
| *1. Ысырапкорчулук - элдин жакырлануусуна, кредит алып, карызга батып, жыйынтыгында мамлекеттин алсызданышына алып келет.*<br>*2. Динибизде ысырапкорчулук арам болуп эсептелет.*<br>*3."Бул жасалмалуулук", "атаандаштык", "эл эмне дейт?, жана "кур-намыс".* |

*4. Жарлыктын жакшы жагы, “бай-кедей” деп бөлүнүүнүн алдын алып, калктын социалдык теңсиздигин жоёт”.* Бишкек ш, 24.10.2023-жыл, Ош ш, 6.12.2023-жыл

деген ойлору менен бөлүшкөн.

Динибизде “ысырапкорчулуктун” арам экенин айткандар негизинен мусулман катмар менен өзбек улутундагылар болгон. 25 жашка чейинкилер менен 55 жаштан жогоркулар жооп берүүдөн кыйналышкан. Кыргыз улутунун көпчүлүгү *“ысырапкорчулук жакырчылыкка түртөт”, “эл эмне дейт?”, “атаандаштык, кредит ж.б”* деген социо-экономикалык, психологиялык жүйөлөрүн келтиришкен. Ал эми, орус улутундагылардын көпчүлугү *“бул жарандардын өз укугу, адамдын каалоолорун тыйууга, жеке жашоого кийлигишүүгө жол бербеш керек”* деп айтышкан.

Диний нормаларды социалдык жашоосуна ыкташтыра жашагандар үчүн “ысырапкорчулук” менен күрөшү бир кыйла жеңил болгону менен салттык жана советтик тарбия көрүп калгандар үчүн бул илдеттен арылуу куру-намыс бойдон калууда. Ал эми, орус улуту менен орус тилдүү шаардык тургундарда Жарлык колдоого алынбай келүүдө. Себеп катары, “*жаран эмне кылса өз укугу, адамдын жеке каражатын, каалоосун тыйуу мыйзамсыз”* деген жүйөөлөрдү келтиришет.

### 3. Сиздер жашаган жерлерде абал кандай, жергиликтүү калк ушул Жарлыкты аткарып жатышабы?

Жарандардын 40%дан көпчүлүгү Жарлыкты ***“Аткарылууда, бирок элдин азчылык бөлүгү, жарым жартылай”*** деп жооп беришти. Себеби, “ысырапкорчулукка” каршы түшүндүрүү иштери солгундап, Жарлыкка каршы күрөшүү дээрлик токтоп калган. Ал эми 35,2% ы ***“ Жок, мурун кандай болсо ошондой эле ысырапкорчулук тыйылбай жатат”*** деп билдиришти. ***“Ооба, көпчүлүк Жарлыктын көрсөтмөлөрүн аткарып жатат”*** деп, өзгөчө өзбек улутундагылар айтышкан. Мунун себеби, өзбектердин ысырапкорчулукка каршы салттуу-диний түшүнүктөрүнүн мурун эле калыптанып, тартиптелип калгандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Орус улутундагылардын көпчүлүгү ***“Жок, мурда кандай болсо ошол бойдон улануда”*** деп жооп берген.

Өзгөчө белгилей кетүүчү жагдай, жумушсуздар менен студенттер жогорудагы суроого жооп берүүдөн кыйналган. Себеби, жумушсуздар менен студенттер той-ашка аз катышат. Жумушсуз катмарды “ысырапкорчулуктан”

материалдык мүмкүнчүлүгү тыйса, студентти жаш курагы, коомдук жашоого али аралашпай, маселеден алыс экендиги менен түшүндүрүүгө болот.

4. **Бул Жарлыкты ишке ашырууда кандай кыйынчылыктар же көйгөйлөр жаралып жатат?**

*Ысырапкорчулукту жоюуга тоскоол болгон себептердин негизгилери;*

25 жаштан 45 жашка чейинкилер *"Атаандаштык, кур намыс, эл эмне дейт? Уят"* деген чолок түшүнүктөр бар экенин белгилешти. Жаштар жана орто муундун "ысырапкорчулуктан" эзилип, түйшөлгөнүн жана бул көйгөй менен күрөшүүгө кызыктар экенин байкоого болот. Себеби, "элден чыгып калбайлы" деп, той-ашты чоң чыгымдар менен өткөрүп, карызга батып, миграциянын азабын тарткандар ушул муундун өкүлдөрү.

Ал эми, *"Бул кыргыз элинин каада-салты, жашоо-образы жана бул нерсени жок кылуу мүмкүн эмес"* деп жооп бергендер 55 жаштан жогоркулар болду. Мунун себеби, салттык түшүнүктөр менен тарбияланган, диний нормаларды анчейин кабыл албаган, советтик улуу муундун өкүлдөрү десек болот.

| |
|---|
| * *Бул Жарлык менен калктын көбү кабардар эмес.* |
| * *Бул Жарлыкты ишке ашыруу үчүн 5-10 жыл бул багытта тынымсыз иш алып баруу керек.* |

деген сунуштары менен бөлүшкөн жарандар да аз эмес.

5. **Сиздин оюңузча, үй-бүлөлүк майрамдарда, эскерүү, сөөктү жерге коюу жөрөлгөлөрүндө ысырапкорчулукка каршы кандай чараларды көрүү керек же бул маселени чечүүнүн кандай жолдору бар?**

35 жашка чейинки жарандар, *" Ресторан, кафе, тойканаларды көзөмөлдөп, үй-бүлөлүк маарекелерге катуу чараларды көрүп, тыйуу салыш керек"* десе, кээ бирлери *"Коомчулукка түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү зарыл"* экендигин айтып, сунуштарын берген.

Ал эми, *"Мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча органдар аркылуу көзөмөл кылынуусун"* жана *"Жарлыкты ишке ашырууда, диний кызматкерлерди жардамга тартыш керек"* деп, маселени чечүүнүн жолдорун көрсөткөндөрдүн көпчүлүгүн 55 жаштан жогорку респонденттер түздү.

## Корутунду

Сурамжылоодо белгилүү болгондой калктын басымдуу көпчүлүгү бул Жарлыкты колдойт жана ысырапкорчулукка каршы. Ошого карабастан калктын негизги бөлүгү бул социалдык ылаңдан арыла албай келүүдө. Мунун себебин "куру-намыс, эл көрсүн, атаандаштык, эл эмне дейт?" деген түшүнүктөр экенин белгиледик. Бул Жарлыкты ишке ашырууда дин менен салттын арасында түшүнбөстүк жана тирешүүнүн бар экенин айта алабыз. Ысырапкорчулукка каршы Жарлыктан 25 жашка чейинки жарандардын маалыматы аз, ал эми 55 жаштан жогорку жарандардын арасынан Жарлыкка каршы экендигин өзгөчө белгилөөгө болот.

Жарлыкка каршы же салттык түшүнүктөрдү кармангандардын аргументтеринин бири *" бул биздин салтыбыз, колунда барлар той-ашты өткөрө берсин. Мынтип тыйып отурсак салтыбызды жоготуп алабыз",* - деп кооптонушат. Жогоруда айтылган пикирлерди эске алуу менен иш алып барсак, анда коомдо социалдык - экономикалык жактан бай-кедей ажырымы кеңейип, теңсиздик күч алып, психологиялык абал чыңала берээри белгилүү. Ансыз да атаандаштык, куру намыстын айынан той-аш өткөрүп, колунда жоктор кредит алып, карызга батып, натыйжада алды миграцияга кетип, арты өлүм менен бүткөн учурлар бар экени далил.

Жарлыктын элге жеткиликтүүлүгү диний чөйрөдө жакшы байкалган. Себеби ислам ишениминде ***"Жегиле, ичкиле, бирок ысырап кылбагыла. Анткени Аллах ысырап кылуучуларды жакшы көрбөйт*** *(Араф сүрөөсү 31-аят)* деген диний талап бар. Ошондой эле тиешелүү Жарлыкты же диний ченемдерди коомго жеткирүүдө Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын жана КМДБнын аткаруу, уюштуруу иштери институционалдык (муфтият, казыят, мечит) жолго коюлгандыктан, ысырапкорчулук менен күрөшүүдө муфтияттын иштери жемиштүү болду. Бул маселеде президентибиз Садыр Жапаров жаңы шайланган муфтий Абдулазиз Закиров менен жолугушуусунда баса белгилеп, муфтияттын ишмердүүлүгүн алкап, мындан ары да ысырапкорчулук менен күрөшүүнү тапшырды.